**УДК 37.015.6** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.442**

# ПЕДАГОГИКАЛЫК МЕНЕДЖМЕНТТЕ ЯН АМОС КОМЕНСКИЙДИН ТААЛИМ-ТАРБИЯ ИШТЕРИН УЮШТУРУУ СИСТЕМАСЫНЫН КОЛДОНУЛУШУ

***Субанов Турсун Тажибаевич***
*экономика илимдеринин кандидаты, доцент,*
*Ош мамлекеттик педагогикалык университети*
*E-mail: stursun@inbox.ru*
*ORCID: 0000-0003-3559-8295*
*Ош, Кыргызстан*
***Балтагул Аттокурович Нурунбетов***
*тарых илимдеринин доктору, профессор,*
*Ош мамлекеттик педагогикалык университети,*
*Ош, Кыргызстан*
*E-mail: b.nurunbetov@mail.ru*
*ORCID:0009-0009-1065-6808*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Учурда Кыргызстанда мектепке чейинки мекемелерден баштап жогорку кесиптик окуу жайларга чейин реформалар жүргүзүлүүдө. Андыктан, учурдагы абалды жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров тарабынан “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” унгужолу жөнүндөгү Жарлыгы чыккан. Ал жарлыктын негизинде өлкөдө жаштарга таалим-тарбия берүү маселеси актуалдуу деп эсептелинүүдө. Андыктан, Ата-Мекендик эл агартуунун XX кылымдагы тарыхы педагогика илими үчүн эң маанилүү булактардын бири катары эсептелинет. Биз билгендей, илгери эле тарбиялык иштер энелер мектебинен баштап, эне тил мектебинен, гимназиядан улантып, академияда таалим-тарбия алуу менен аяктоо жаштардын келечегин жакшыртууга мүмкүнчүлүгүн берет деп Я.А. Коменский тыянагын чыгарган. Андыктан, чет элдик педагогдордун ичинен Ян Амос Коменскийдин эмгектери азыркы учурга чейин актуалдуугун көрсөтүүдө. Ошентип, азыркы мезгилге чейин педагогиканын негиздөөчүсү жана класстык системанын жаратуучусу катары Я.А. Коменскийдин идеялары педагогиканын өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизүүдө жана анын принциптери бүгүнкү күнгө чейин күчүндө.*

*Маалыматтарды анализдөөдө изилдөөнүн аналитикалык методдорун колдонуу аркылуу маалыматтарды системалуу талдоо жана татаал процесстердеги мыйзам ченемдүүлүктөрдү, тенденцияларды аныктоо менен себеп - натыйжа байланыштары аныкталган. Аналитикалык изилдөөнүн натыйжасында объект изилденип, тыянак чыгарылып, сунуштар берилген.*

***Негизги сөздөр.*** *Акыл тарбиясы, адеп-ахлактык тарбиясы, диний тарбия, Я.А. Коменскийдин идеялары, советтик системада колдонулушу, учурдагы тарбия маселелеринин актуалдуулугу.*

# ПРИМЕНЕНИЕ СИСТЕМЫ ОРГАНИЗАЦИИ УЧЕБНО-ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ ЯНА АМОСА КОМЕНСКОГО В ПЕДАГОГИЧЕСКОМ МЕНЕДЖМЕНТЕ

***Субанов Турсун Тажибаевич***
*кандидат экономических наук, доцент,*
*Ошский государственный педагогический университет*
*E-mail: stursun@inbox.ru*
*ORCID: 0000-0003-3559-8295*
*Ош, Кыргызстан*
***Балтагул Аттокурович Нурунбетов***
*доктор исторических наук, профессор,*

*Ошский государственный педагогический университет,*
*Ош, Кыргызстан*
*E-mail: b.nurunbetov@mail.ru*
*ORCID:0009-0009-1065-6808*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *В настоящее время в Кыргызстане проводятся реформы от дошкольных учреждений до высших профессиональных учебных заведений. Поэтому, в целях улучшения текущей ситуации Президент Кыргызской Республики С.Н. Жапаров был издал Указ о доктрине ”Национальный дух – мировые высоты". На основании данного указа вопрос образования и воспитания молодежи в стране считается актуальным. Поэтому, история отечественного народного просвещения в XX веке считается одним из важнейших источников для педагогической науки. Как мы знаем, по идее выдающегося чешского педагога Яна Амоса Коменского с давних времен воспитательная работа начиналась в школе для матерей, продолжалась в школе родного языка, гимназии и заканчивалась обучением в академии, что позволит улучшить будущее молодежи.. В связи с этим,идеи Я.А. Коменского очень часто встречается во многих трудах советских ученых. Таким образом, до настоящего времени идеи Яна Амоса Коменского - основоположника педагогики и создателя классовой системы оказывают большое влияние на развитие педагогики, и его принципы действуют и по сей день.*

*При анализе данных выявлены причинно - следственные связи путем систематического анализа данных и выявления закономерностей, тенденций в сложных процессах посредством применения аналитических методов исследования. В результате аналитического исследования изучается объект, делаются выводы и даются рекомендации.*

***Ключевые слова****. Умственное воспитание, нравственное воспитание, религиозное воспитание, идеи Я.А.Коменского, их применение в советской системе, актуальность проблем в современном воспитании.*

## APPLICATION OF THE SYSTEM OF EDUCATIONAL WORK ORGANIZATION BY YAN AMOS KOMENSKY IN PEDAGOGICAL MANAGEMENT

***Subanov Tursun Tazhibaevich,***
*Candidate of Economic Sciences, Associate Professor,*
*Osh State Pedagogical University*
*E-mail: stursun@inbox.ru*
*ORCID: 0000-0003-3559-8295*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Nurunbetov Baltagul Attokurovich,***
*Doctor of Historical Sciences, Professor,*
*Osh State Pedagogical University,*
*Osh, Kyrgyzstan*
*E-mail: b.nurunbetov@mail.ru*
*ORCID:0009-0009-1065-6808*
*Osh, Kyrgyzstan*

## APPLICATION OF THE SYSTEM OF EDUCATIONAL WORK ORGANIZATION BY YAN AMOS KOMENSKY IN PEDAGOGICAL MANAGEMENT

***Annotation.*** *Kyrgyzstan is currently undergoing reforms from pre-school institutions to higher professional education institutions. Therefore, in order to improve the current situation, the President of the Kyrgyz Republic, S.N. Japarov, issued a decree on the doctrine ”National Spirit – World heights". Based on this decree, the issue of education and upbringing of youth in the country is considered relevant. Therefore, the history of national public education in the twentieth century is*

*considered one of the most important sources for pedagogical science. As we know, according to the idea of the outstanding Czech teacher Jan Amos Komensky, from ancient times, educational work began at a school for mothers, continued at a native language school, gymnasium and ended with studies at the academy, which will improve the future of young people.. In this regard, the ideas of Ya.A. Komensky are very often found in many works of Soviet scientists. Thus, to this day, the ideas of Jan Amos Komensky, the founder of pedagogy and the creator of the class system, have a great influence on the development of pedagogy, and his principles are valid to this day.*

*When analyzing data, causal relationships are revealed through systematic data analysis and identification of patterns and trends in complex processes through the use of analytical research methods. As a result of the analytical study, the object is studied, conclusions are drawn and recommendations are given.*

*Keywords. Mental education, moral education, religious education, the ideas of Ya.A.Komensky, their application in the Soviet system, the relevance of problems in modern education.*

**Киришүү.** Акыркы жылдары Кыргызстандын окуу жайларында таалим-тарбия берүү системасын жакшыртууга билим берүүнү башкаруу органдары чоң аракеттерди жасоодо. Жаңыча жаштарга таалим-тарбия берүүдө 2020-жылдардагы алгачкы кадам катары “2021-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана жаштарын тарбиялоо концепциясы” билим берүүнү башкаруу органдары тарабынан сунушталынган эле. Ал концепцияда: “Тарбиялоо окуу предметтерди окутуп-үйрөтүү аркылуу ишке ашат. Бала ошол предметтер боюнча билим, билгичтик, көндүмдөрдү, компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүп жатып тарбияланат. Аны «таалим-тарбия» деп атасак туура болчудай, биринчи бөлүгү билим алуу болсо, экинчи бөлүгү тарбия болуп, алар тыгыз айкалышып турат”,- деп тарбия ишин уюштуруу жагы каралган экен [5]. Учурдагы абалды анализдөө менен окуу жайлардагы тарбиялык иштин эффективдүүлүгүн төмөндөп кетишинин себеби катары мамлекет жана коомчулук тарабынан жетиштүү көңүл бурулбагандыгы деп белгиленген. Концепцияда өзүн-өзү башкаруу, үй-бүлөлүк, толеранттулук, патриоттук, жарандык, экологиялык, экономикалык ж.б. багыттарда тарбиялык иштерди жүргүзүү каралган. Мисалы, өзүн-өзү тарбиялоо багытында акыл-эсти (интеллектуалдык өнүгүү, ден-соолугуна кам көрүү), жан дүйнөлүк көз-карашты (эсетикалык, рухий, адептик, ыйман, напси ж.б.) өнүктүрүү сунушталынган. Биздин көз-карашыбыз боюнча, практика жүзүндө азыркы жаштардын көпчүлүгү өзүн-өзү тарбиялоо багытында акыркы технологиялар аркылуу таалим алууда. Ал технологиялардын жаштарга тийгизген таасирин изилдеген структуралык органдарынын (мекемелердин психологдорунун, социалдык педагогдорунун ж.б.) формалдуу түрдө иш аткаруусу көрүнүүдө. Ошону менен биргеликте, азыркы мектепке чейинки, жалпы билим берүүчү жана кесиптик (өзгөчө педагогикалык) окуу жайларда башаламандык менен таалим-тарбия берүүнүн жаңы формалары катары чет элдик технологиялар колдонулушу көрүнүүдө. Ал эми, улуттук идеология багытындагы таалим-тарбия ишинин мааниси кагаз жүзүндө гана калууда. Дүйнөлүк практикада белгилүү болгондой, эгерде ушул абалда өлкөдөгү жаштар менен иштөөдөгү таалим-тарбия ишин коом, ата-эне жана билим берүүчү мекемелер аркылуу биргелешип өзгөртбөсө кооптуу абалга алып келиши да мүмкүн. Мындай абалда саясий, диний агымдар да өз максаттарында жаштарды колдонушу мүмкүн. Андыктан, учурда жаштардын аң-сезимин ата-бабалардан калган философиялык ойлор жана улуттук көркөм чыгармалар аркылуу өзгөртүү зарылчылыгы пайда болууда. Ошондуктан, учурдун талабы катары алдынкы педагогдордун жана кесиптик окуу жайларда илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүп жаткан илимпоздордун эмгектери аркылуу таалим-тарбия иштерин жандандыруу жагы аркылуу концепциянын актуалдуулугу каралгандыгы көрүнүүдө.


Андыктан, учурдагы абалды жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров тарабынан “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” унгужолу жөнүндөгү жарлыгы чыккан. Анткени, Ата-мекендик эл агартуунун XX кылымдагы тарыхы педагогика илими үчүн эң маанилүү булактардын бири катары эсептелинет. Унгужолдо белгиленгендей: “Кыргыз Республикасын бардык жагынан жапырт өнүккөн, жарандары

бактылуу жашап, өз өлкөсү менен сыймыктанган, элдик нарк баалуулуктары бекем сакталган, унитардык мамлекетибизди дүйнөлүк деңгээлге чыгаруу - улуттук дымагыбыз. Жарандардын нарк талабына ылайык таалим-тарбияга, заманбап илим-билимге, жогорку маданиятка ээ болуусу жана өнөр-кесип үйрөнүүсү үчүн үй-бүлө, коом жана мамлекет үчилтиги бирдей кам көрүүгө милдеттүү. Токтоосуз колго алынуусу жана үзгүлтүксүз улантылуусу керек болгон милдеттер төмөнкүлөр: таалим-тарбия берүүдө улуттук нарк баалуулуктарына артыкчылык берилиши жана анын жаңы тажрыйбалар менен байытылышы; жаш муундарга билим берүүнүн методдорун гана эмес, анын максат, мазмун, өлчөм жана мөөнөттөрүнүн алыскы келечекти эске алуу менен кайра каралышы; билим берүүгө болгон даярдык менен билим алууга болгон даярдыкты бири-бирине дал келтирүү боюнча чаралардын иштелип чыгышы жана ырааттуу ишке ашырылышы” каралган [4]. Ошондуктан, бүгүнкү күндө жаштардын таалим-тарбия ишин мындан ары байытуу менен өнүктүрүү практикасы үчүн терең изилдөөдө заманбап гана эмес, ошондой эле өлкөнүн мурунку Ата-мекендик тажрыйбасын жалпылоо зарылчылыгы көрүнүүдө.

**Изилдөө ыкмалары жана материалдары**. Макаланы жазууда изилдөөнүн аналитикалык методу колдонулду. Андыктан, изилденип жаткан объектини, кубулушту жана процессти анын курамдык бөлүктөрүнө бөлүү менен алардын ортосундагы мамилелерди аныктоо жана бүтүндүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүндүрүү аркылуу каралган. Бул татаал маселелерди деталдуу түшүнүүгө, маалыматтардан пайдалуу маалыматтарды алууга, тенденцияларды аныктоого жана чечим кабыл алуу үчүн тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

**Негизги жыйынтыктар жана аларды талкуулоо**. Ата-мекендик тарых баракчаларынан белгилүү болгондой, советтик педагогика илими Кыргызстандын аймагында 1918 – 1924 - жылдары I-II тепкичтүү бирдиктүү эмгек мектептеринин жана кесиптик окуу жайларынын түзүлүшү менен негизделген деп эсептөөгө болот. Ошол жылдардагы педагогика илиминин негизделиши Б.К. Кулдашевдин “1917-жылдан 1930-жылга чейинки кыргыз совет мектебинин тарыхы” (Алма-Ата, 1950), А.Э. Измайловдун “Кыргызстандагы советтик мектептин 40 жылдык тарыхы боюнча очерктер (1917-1957-жж.)” (Фрунзе, 1957), А.К. Каниметовдун, Р.Р. Айнекеновдун “Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн өнүгүшү” (Фрунзе, 1966), К. Каракеевдин "Кыргызстандагы маданий курулуштун тарыхынан" (Фрунзе, 1968), М.Р. Балтабаевдин “Кыргызстанда жалпы орто билим берүүнү өнүктүрүү” (Фрунзе, 1978), М.Р. Рахимованын “Педагогиканын тарыхы боюнча очерктер” (Бишкек, 1998) илимий эмгектеринде каралгандыгы көрүнүүдө. Ал эми, 1925-жылдан тартып Кыргызстандын аймагында педагогикалык техникумдардын, 1932-жылдан педагогикалык институттардын ачылышы Ата-мекендик педагогиканын өркүндөшүнө алып келген [3].

Бизге белгилүү болгондой, советтик педагогика алгачкы Европалык эл агартуучулардын эмгектеринен негизделгендиги алдынкы белгилүү тарбиячылары Н.К. Крупскаянын, А.С. Макаренконун, В.А. Сухомлинскийдин, С.Л. Соловейчиктин иштеринен көрүнүүдө. Европалык агартуучулардын ичинен көрүнүктүү чех педагогу Ян Амос Коменский советтик педагогикага олуттуу таасир эткен. Анткени, Я.А. Коменскийдин (1592-1670) идеялары СССР пайда болгонго чейин эле иштелип чыкса да, советтик педагогиканын негизделишинде олуттуу таасирин тийгизген. Анын эмгектери, өзгөчө "Улуу дидактика" илимий социалистик педагогиканын пайдубалын түптөөгө мүмкүнчүлүк берүү менен советтик билим берүү системасынын өнүгүшүнө шарт түзгөн. Атап айтканда, советтик педагогика коменскийдин жалпы билим берүү, куракттык мезгилдештирүү, окутуунун көрүнүктүүлүгү, окуу процессинин системалуулугу жана ырааттуулугу, окутуунун турмуш менен байланышы, окутуунун тарбиялык мүнөзү сыяктуу принциптерин кабыл алгандыгы жана өнүктүргөндүгү бизге Ата-мекендик илимий эмгектер аркылуу маалым болууда.




**1-Сүр. Улуу чех педагогу Я.А. Коменскийдин адамды жаш курагына ылайык тарбиялоонун багыттары боюнча деңгээлдик педагогикалык карым-катнаш**

Чех педагогу Я.А. Коменскийдин эмгектери советтик доордон баштап Ата-мекендик педагогикага тийгизген таасиринин негизги аспектилери катары мамлекеттик билим алууда төмөнкүлөр аркылуу чагылдырылган:

✓ адамдын социалдык жана жыныстык абалына карабастан баарына бирдей бирге таалим-тарбия берүүдө;

✓ дидактикада кабыл алынган жаштардын курак психологиясына ылайык өзгөчөлүгүн эске алуу менен таалим-тарбия берүү системасында;

✓ системалуу жана ырааттуу фйормада билим берүүчү мекемелерде окуу процессин уюштурууда;

✓ окууну жашоо менен байланыштыруу идеясында;

✓ окуу процессинде адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга да багытталышы керектиги чагылдырылган.

Ошентип, анын бардык негизги эмгектери, баарыдан мурда "Улуу дидактика" (1638-ж.), "Адамдардын иштерин ондоо боюнча жалпы кеңеш" (1644-ж.) аттуу эмгектеринде адам

инсанына болгон бийик ишеним Я.А. Коменскийдин кыялында өмүр бою калган. Ал “Улуу дидактиканын” алгачкы беттеринде: “Адам-эң жогорку, эң кемчиликсиз, эң сонун жаратуу”, - деп белгилеп кеткендиги пансофизмди (б.а. дүйнөлүк цивилизациялардын бардык билимдерин жалпылоо) түзүүдө. Ал эми, "Адамдардын иштерин оңдоо боюнча жалпы кеңеш" эмгегинде Я.А. Коменский тарбиялоонун максаттары жана маңызы жөнүндө ой жүгүртүүсүн жыйынтыктап жатып, акылдуу жана пайдалуу адам жашоонун негизги максатын, б.а. адамдын жыргалчылыгын көргөндө гана аныктай алат деген. Ошентип, Я.А. Коменский окуу жайды таалим-тарбия берүүчү окутуунун храмы катары көргөн экен.

Улуу чех педагогу Я.А. Коменскийдин теориясында жана практикасында белгилүү болгондой жаштарга таалим-тарбия берүү курак жашына байланыштуу экендиги көрүнүүдө. Ал “Улуу дидактика” аттуу эмгегинде тарбиялоодо: “Адам, эгерде ал адам болуш керек болсо, түзүү керек (Человека, если он должен стать человеком, необходимо формировать)”, - деп ал айткан [1,6, б.16]. Андыктан, ал: “ким табигый жаратылыштан берилген акылсыздыктан бошотуу үчүн адамдарга таалим-тарбия берүү зарыл деп ойлошот? Бирок, чынында ар тараптан өнүккөн адамдар да тарбия алууга муктаж экендиги көрүнүүдө. Анткени, ал пайдалуу эч нерсе менен алек болбосо, акылга сыйбаган пайдасыз, бош жана зыяндуу нерселерди жасайт”,-деп ойлогон [1,7, б.19]. Педагог Ян Амос Коменский өзүнүн эмгенктеринде таалим-тарбияны жаш курагына ылайык берүү жаш адамдын таалим-тарбия алуусунун денгээлин жогорулата тургандыгын айткан. Андыктан, ал “Энелер мектеби (0-6 жаш)”, “Эне тили мектеби (6-12 жаш)”, “Гимназия (12-18 жаш)” жана “Академия (18-24 жаш)” деп таалим-тарбия берүү этаптарын белгилеген. Ошентип, Я.А. Коменский тарбиялоонун максаты катары адамды ыймандуулук, ыймандуулук, адептүүлүк, тил жана башка илимдерди билүү аркылуу түбөлүк өмүргө даярдоо деп эсептеген экен. Ошондуктан, балалык мезгилдеги 6 жашка чейинки бала адеп-ахлактык (32,9%) жана диний (1,2%) таалимге караганда, акыл тарбиясына (65,9%) көбүрөөк муктаждыгын белгилеген. Ал тарбияны үй-булөдө “Энелер мектебинде” гана ала-алат дегендиги көрүнүүдө. Өспүрүм курагында балдарга акыл (44,5%), адеп-ахлактык (33,3%) жана диний (22,2%) тарбияларды “Эне тили мектебиндеги (6-12 жаш)” чөйрөсү бере ала тургандыгын айткан. Балдар жаштык курагында “Гимназияда (12-18 жаш)” таалим-тарбия алуусу менен акыл (40,0%), адеп-ахлактык (33,4%) жана диний (26,6%) тарбияларды берүүгө педагог умтулуусу керектигин белгилеп кеткен. Ал эми, жетилгендик курагында “Академияда (18-24 жаш)” билим алуу мезгилинде жаштар өзүң жана айлана-чөйрөсүнүн дүйнөсүн билүү деңгээлине жетип, өзүн-өзү башкарууга мүмкүнчүлүк алат. Андыктан, аң-сезиминин Кудайга умтулуусунун эффективдүүлүгү жогору боло тургандыгын белгилеген. Ошентип, жаштардын жетилгендик курагында “Академияда (18-24 жаш)” таалим-тарбия алуусу проценттик катнашта акыл (38,1%), адеп-ахлактык (33,3%) жана диний (28,6%) тарбияларды түзүү керектигин эмгектеринде далилденген экен [2.б.27-39].

**Жыйынтыгы.** Ошентип, Я.А. Коменскийдин жаңы доорго өтүү мезгилинде (XVI-XVII кк.) жашаганына карабастан Ата-мекендик педагогикада ойлору ийгиликтүү кабыл алынып, өнүккөн педагогика илиминин негиздөөчүлөрүнүн бири болуп калды. Анын тарбиялык иштер боюнча эмгектери акыл (илимий билим алуу), адеп-ахлактык (моралдык сапаттар) жана диний (ишенимди жана такыбалыкты сиңирүү) багыттарын камтуу менен адамдын курак мезгилдерине ылайык талаптар каралган. Ошону менен биргеликте, Я.А. Коменский жаш курагына ылайык төмөнкүдөй таалим-тарбия берүү схемасын сунуштагандыгы көрүнүүдө:

- ✓ Энелик мектеби (0-6 жашка чейин): баланы үй-бүлөдө тарбиялоо, мектепке даярдоо;
- ✓ Эне тил мектеби (6-12 жаш): окуу, жазуу, арифметика, география, илим, кол өнөрчүлүк менен таанышуу;
- ✓ Гимназия (12-18 жаш): латын, грек, философия, риториканы изилдөө;
- ✓ Академия (18-24 жаш): жогорку билим, коомдук иштерге даярдоо.

Ошентип, азыркы мезгилге чейин педагогиканын негиздөөчүсү жана класстык системанын жаратуучусу катары Я.А. Коменскийдин ойлору педагогиканын өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизүүдө. Андыктан, анын принциптери бүгүнкү күнгө чейин күчүнө ээ экендиги көрүнүүдө.

**Колдонулган булактардын тизмеси**

**III. Китептер**

1. Кларин В.М., Джуринский А.Н. Коменский Я.А., Локк Д., Руссо Ж.Ж., Песталоцци И.Г. Педагогикалык мурас. –Москва: Педагогика, 1989. –б.16. – баары 416 б.
2. Константинов Н.А., Медынский Е.Н., Шабаева М.Ф. Педагогиканын тарыхы. –Ярославль, 1982. -446 б.

**IV. Илимий журналдар**

3. Супатаева Э.А. Кыргызстанда педагогикалык адистерди даярдоо жөнүндө. // Э.А. Супатаева. Касым Тыныстанов атындагы Иссык-Көл университетинин жарчысы. №42. – Каракол, 2016. -181б.

**V. Интернет иш-кагаздары**

4. Кыргыз Республикасынын “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” унгужолу жөнүндөгү жарлыгы. https://cbd.minjust.gov.kg/18-11/edition/23328/kg
5. 2021-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана жаштарын тарбиялоо концепциясы. https://kao.kg/wp-content/uploads
6. Коменский Я. А. Улуу дидактика / Я. А. Коменский. – Б.м. : б.и., 1875. – 309 б. – https://biblioclub.ru/index.php?page=book&id=70969 (кайрылуу датасы: 16.09.2025). – Текст : электрондук.

**VI. Диссертациялар жана авторефераттар**

7. Марчукова С.М. Я. А. Коменскийдин педагогикалык эмгектеринде пансофия идеясынын өнүгүшү. / Пед. илим. док. дараж. изд. автореф. … . – Санкт-Петербург, 2014. -45б.

**УДК: 37.013.73**

# ТҮРК ТИЛДҮҮ ЭЛДЕРДИН МАКАЛДАРЫНДАГЫ ОРТОК ТАРБИЯЛЫК ИДЕЯЛАРДЫН ТУРМУШТАГЫ ОРДУ

Даминова Инабаткан - п.и.к. ОшМПУ,
ORCID: 0009-0003-9314-9727 dinabat@list.ru
Кеңешова Нурзат

# РОЛЬ ОБЩИХ ВОСПИТАТЕЛЬНЫХ ИДЕЙ В ПОСЛОВИЦАХ ТЮРКОЯЗЫЧНЫХ НАРОДОВ В ПОВСЕДНЕВНОЙ ЖИЗНИ

Даминова Инабаткан -к.п.н. ОшГПУ,
ORCID: 0009-0003-9314-9727 dinabat@list.ru
Кеңешова Нурзат

# THE ROLE OF COMMON EDUCATIONAL IDEAS IN THE PROVERBS OF TURKIC-SPEAKING PEOPLES IN EVERYDAY LIFE

Daminova Inabatkan candidate of pedagogical sciences OshSPU
ORCID: 0009-0003-9314-9727 dinabat@list.ru
Keneshova Nurzat

**Аннотация**

Бул макалада түрк тилдүү элдердин макалдарындагы орток маанилеш макалдардын тарбиялык мааниси чечмеленип берилди. Макалдардын тарбиялык мааниси – жаш муунду адамкерчиликке, эмгекчилдикке, билимге, адилеттүүлүккө үндөө менен түшүндүрүлөт. Чыгармаларда ата-бабалардын турмуштук философиясы камтылып, коомдук мамилелердеги эң маанилүү баалуулуктар сакталган. Айрыкча түрк дүйнөсүндө тарбия түшүнүгү ар дайым улууга урмат, кичүүгө ызаат, ата-энеге сый, эмгекке умтулуу, ынтымак, билимге кызыгуу